**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Тынар Дуйшеевна Шакированын кызыкчылыгын көздөгөн
Руслан Кенешевич Джолдошовдун кайрылуусуна байланыштуу
Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин
271-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун
текшерүү жөнүндө иш боюнча

# ЧЕЧИМИ

2026-жылдын 18-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы К. Маамыталы кызынын;

кайрылуучу тарап – Тынар Дуйшеевна Шакированын кызыкчылыгын көздөгөн Руслан Кенешевич Джолдошовдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Самат Кыштообекович Ысырановдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Абасбек Жолдошбекович Жолдошбековдун, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлү Чынгызбек Муртазакулович Бердимуратовдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 271-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык сот отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого Т.Д. Шакированын кызыкчылыгын көздөгөн Р.К. Джолдошовдун кайрылуусу, ошондой эле талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келеби деген маселеде табылган аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумга кароого даярдаган судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 28-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.Д. Шакированын адвокаты Р.К. Джолдошовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 271-беренесинин 6-бөлүгүнүн Конституциянын 61-

беренесинин 1-бөлүгүнө дал келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой, арыз ээси өзүнүн коргоосундагы Т.Д. Шакированын кызыкчылыгында иш алып барууда, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 363-беренеси менен каралган кылмыш жасалгандыгы жөнүндө билип туруп жалган билдирүү бергендиги үчүн Д. Омуралиева менен Алый уулу Кайратты кылмыш жоопкерчилигине тартуу тууралуу ички иштер органдарына арыз менен кайрылган. Көрсөтүлгөн арызды кароонун жыйынтыгы боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматынын тергөөчүсү У.А. Ботобаев аталган адамдардын аракеттеринде кылмыштын курамы жок деген жүйө менен 2024-жылдын 7-мартындагы кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарган.

Кийинчерээк, арыз ээсинин даттануулары Бишкек шаарынын Биринчи май районунун прокуратурасы тарабынан кароонун жыйынтыгы боюнча, көрсөтүлгөн токтом, ошондой эле кийин кошумча текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чыгарылган ушул сыяктуу токтомдор бир нече жолу жокко чыгарылып, материалдар кошумча текшерүү жана мыйзамдуу чечим кабыл алуу үчүн жөнөтүлгөн.

Кайрылуудан белгилүү болгондой, ар бир ушундай кайтаруудан кийин тергөөчүлөр тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө кайра токтомдор чыгарылып турган, алардын акыркысы болуп ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматынын тергөөчүсү М.Ш. Абдраевдин 2025-жылдын 12-февралындагы токтому эсептелет. Көрсөтүлгөн токтомго макул болбой, Р.К. Джолдошов прокуратура органдарына кайра кайрылбастан, башкача айтканда, прокурордук көзөмөл стадиясын кыйгап өтүп, даттануу менен түздөн-түз Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотуна кайрылган.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун тергөө судьясынын 2025-жылдын 1-апрелиндеги токтому менен көрсөтүлгөн даттануу канааттандыруусуз калтырылып, ал токтомдун толук тексти 2025-жылдын 4-апрелинде гана тапшырылган. Ушуга байланыштуу 2025-жылдын 9-апрелинде Р.К. Джолдошов апелляциялык даттануу менен бирге өткөрүлгөн мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч келтирген. Бирок тергөө судьясынын 2025-жылдын 17-апрелиндеги токтому менен мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартылып, апелляциялык даттануусу кайра кайтарылган. Кийинчерээк Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери боюнча судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 30-майындагы аныктамасы, ошондой эле Жогорку соттун 2025-жылдын 22-июлундагы токтому менен бул сот актысы өзгөртүүсүз калтырылган.

Келтирилген сот актыларынан көрүнүп тургандай, өткөрүлгөн мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө маселени чечүүдө, соттор, аны өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүн жокко чыгаруучу жагдай катары токтом жарыяланган учурда арыз ээсинин катышуу фактысын негизге алышкан. Ошол эле учурда кайрылуу субъектиси соттор тарабынан токтомдун жүйөлөштүрүлгөн тексти тапшырылган дата – 2025-жылдын 4-апрели тийиштүү түрдө эске алынбай калган деп эсептейт, ал эми талашылып жаткан жобого ылайык мындай токтом ал чыгарылган күндөн тартып беш сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн. Демек, сот актысынын толук тексти алынган учурга карата апелляциялык даттануу мөөнөтүнүн олуттуу бөлүгү өтүп кеткен.

Арыз ээси ошондой эле мөөнөт өткөрүлүп жиберилгендиги жөнүндөгү тыянакты негизсиз деп эсептейт, анткени токтомдун толук тексти алынган күндөн тартып апелляциялык даттануу берилгенге чейин беш суткадан ашык убакыт өткөн эмес. Бул жүйө иштин конкреттүү жагдайларына карата гана эмес, ошондой эле кеңири укук колдонуу контекстинде да мааниге ээ, анткени практикада сот актылары тараптарга көп учурда алар жарыялангандан кийин эки, үч, кээде төрт күндөн кийин гана берилет, анын

натыйжасында аларды даттануу мөөнөтү олуттуу кыскарат.

Арыз ээси, дал ушундай практика менен өз ишиндеги талашылып жаткан ченемдин колдонулушун байланыштырат, анткени токтомдун жүйөлөштүрүлгөн тексти 2025-жылдын 4-апрелинде гана, башкача айтканда, иш жүзүндө апелляциялык даттануу мөөнөтүнүн акыркы күнүндө тапшырылгандыктан, ага толук жүйөлөнгөн даттанууну даярдоого реалдуу мүмкүнчүлүк болгон эмес. Кайрылууда көрсөтүлгөндөй, сот актысынын толук тексти алынганга чейин тарап тергөө судьясы кайсы жүйөлөрдү жетекчиликке алгандыгы жөнүндө маалыматка ээ болбогондуктан, соттун тыянактарын предметтүү түрдө талашууга, мыйзамдын конкреттүү бузулууларын көрсөтүүгө жана өз талаптарын талаптагыдай негиздөөгө мүмкүнчүлүгү болбойт.

Бирок көрсөтүлгөн жагдай соттор тарабынан апелляциялык даттануу укугун өз убагында ишке ашырууга объективдүү тоскоолдук катары кабылданган эмес. Тескерисинче, мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартуунун чечүүчү негизи катары арыз ээсинин токтомдун резолютивдүү бөлүгү жарыяланган учурда катышуусу таанылган. Муну менен, кайрылуу субъектиси эсептегендей, апелляциялык тартипте кайра кароо мүмкүнчүлүгү сот актысынын жүйөлөштүрүлгөн тексти алынган учурга эмес, аны жарыялоо учурунда катышуу фактысынын өзүнө көз каранды абалга коюлган, натыйжада апелляциялык даттануу каралган эмес, ал эми тергөөчүнүн токтомуна карата даттануу иш жүзүндө маңызы боюнча кароосуз калган.

Жыйынтыктап айтканда, арыз ээси КЖПКнын 271-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялык эмес экендигин анын калыптанган сот практикасы менен өз ара байланышта колдонулушу тергөө судьясынын токтомун апелляциялык тартипте даттануунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылбагандыгынан көрөт. Анын пикири боюнча, сот актысы жарыялангандан бир нече күн өткөндөн кийин анын толук тексти тапшырылган шартта даттануу мөөнөтүн ал чыгарылган күндөн тартып

эсептөө, мындай жагдайларды апелляциялык даттанууну өз убагында берүүгө тоскоолдук катары таанабоо, ошондой эле токтомдун резолютивдүү бөлүгү жарыяланган учурда адвокаттын катышкандыгын негиз кылып мөөнөттү калыбына келтирүүдөн баш тартуу даттануу укугун формалдаштырууга алып келген жана Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргоо укугун ишке ашырууга тоскоолдук жараткан. Мунун натыйжасында, кайрылууда белгиленгендей, Т.Д. Шакирова өзүнүн даттануусун маңызы боюнча каралышына жетишүү жана өзүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын андан ары коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы аныктамасы менен Т.Д. Шакированын кызыкчылыгын көздөгөн Р.К. Джолдошовдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Сот жыйынынын жүрүшүндө кайрылуучу тарап өзүнүн талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну өтүнгөн.

Жоопкер-тараптын атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү С.К. Ысыранов арыз ээсинин кайрылуусунда келтирген жүйөлөр менен макул эместигин билдирди жана талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Ал Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргоо укугу жогору турган инстанция тарабынан сот чечимдерин кайра кароонун процессуалдык кепилдиктерин камтый тургандыгын жана мыйзам менен сот алдында бардыгынын бирдейлиги принцибинин негизинде ишке ашырыларын белгилейт.

Жазык сот өндүрүшүндө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону камсыз кылуу, анын ичинде сотко чейинки өндүрүш стадиясында соттук көзөмөл аркылуу жүзөгө ашырылат.

Өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашырууда тергөө судьясы кайрылууларды жана даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча

тиешелүү процессуалдык маселелер чечилүүчү токтомдорду кабыл алат. Мындай токтомдор дароо мыйзамдуу күчүнө кирет жана милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш, мында аларды даттануунун тартиби жана мөөнөттөрү көрсөтүлөт.

Көрсөтүлгөн тартип, ошондой эле тергөө судьясынын токтомдорун даттануунун мөөнөттөрү жазык-процессуалдык мыйзамдар менен аныкталат. Алсак, талашылып жаткан ченемге ылайык, даттануу боюнча тергөө судьясынын токтому ал чыгарылган күндөн тартып беш сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Жоопкер-тараптын өкүлү мыйзам чыгаруучу тарабынан даттануу мөөнөтүнүн өтүшүн токтом чыгарылган учурдан баштоо укуктук аныктыкты, жазык сот өндүрүшүнүн натыйжалуулугун, тараптардын процессуалдык тартибин жана сотко чейинки өндүрүш стадиясында келип чыгуучу маселелерди ыкчам кароону камсыз кылууга багытталгандыгын баса белгилейт.

Муну менен катар, анын пикири боюнча даттануу мөөнөтүнүн башталгандыгын токтомдун көчүрмөсү алынган учурдан тартып эсептөө сот актыларын тараптарга жөнөтүү жана тапшыруу убактысына жараша даттануу мөөнөттөрүнүн олуттуу ар түрдүүлүгүнө алып келиши мүмкүн. Мындай ыкма, анын пикири боюнча укуктук аныксыздыкты жаратмак, процессуалдык укуктарды кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ачмак, анын ичинде сот актысы тапшырылган күнгө байланыштуу талаштарды жана процессуалдык мөөнөттөрдү жасалма түрдө создуктурууну шарттамак, бул кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын теңдигинин жана тең салмактуулугунун бузулушуна алып келмек.

Ошону менен бирге С.К. Ысыранов мыйзамдарда өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү механизми каралгандыгын белгилейт. Алсак, КЖПКнын 403-беренесинин 2-бөлүгү тергөө судьясынын токтомуна карата апелляциялык даттануу же сунуш берүү мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч жүйөлүү себептер болгон учурда,

мындай кайрылуунун чектелген мөөнөтүн белгилөө менен – тиешелүү чечим чыгарылган күндөн тартып бир айдан кеч эмес мөөнөттө берилиши керектиги белгиленген.

Муну менен, анын пикири боюнча, процесстин катышуучусу Конституция менен кепилдеген соттук коргоо укугунан ажыратылбайт, ал эми аны айрым учурларда өз убагында ишке ашыруунун мүмкүн эместиги мыйзамдык чектөөлөр менен шартталган эмес.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, С.К. Ысыранов КЖПКнын 271-беренесинин 6-бөлүгү өзүнүн укуктук табиятына жана багытына ылайык келет жана Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев, ошондой эле Жогорку соттун өкүлү А.Ж. Жолдошбеков С.К. Ысыранов тарабынан билдирилген укуктук позицияны карманышат.

Алар, буга кошумча тараптар жана процесстин башка катышуучулары сот актысы жарыяланган учурда катышкандыгын, андыктан ошол эле убакта кабыл алынган чечимдин мазмуну жөнүндө маалымдар болушарын жана аны даттануу укугун ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүккө ээ экендигин көрсөтүшкөн. Ушуга байланыштуу даттануу мөөнөтүнүн башталышын токтомдун чыгарылышы (жарыяланышы) менен байланыштырылат жана анын кийинки жүйөлөштүрүлгөн текстинин даярдалышына жана сот актысынын көчүрмөсүнүн тапшырылышына көз каранды кылып коюлбайт, анткени булар соттун уюштуруучулук аракеттерине кирет.

Мындан тышкары, Жогорку соттун өкүлү процессуалдык мөөнөттөрдү эсептөөнүн ушул сыяктуу тартиби процессуалдык мыйзамдардын башка тармактарында да колдонуларын белгилеп, бул анын пикири боюнча укуктук жөнгө салуунун тутумдуулугун жана ырааттуулугун тастыктайт. Ошону менен бирге, ал КЖПКнын 403-беренесинин тартибинде өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү маселелери боюнча кассациялык

инстанцияга келип түшкөн материалдар жөнүндө маалыматтарга шилтеме жасап, бул мыйзамда каралган мөөнөттү калыбына келтирүү механизминин формалдуу эмес, иш жүзүндө колдонулуучу мүнөзүн тастыктайт деп эсептейт.

Судьялар кеңешинин өкүлү Ч.М. Бердимуратов мамлекеттик органдардын жогоруда белгиленген укуктук позицияларын жалпысынан карманую менен, КЖПКнын 130-беренесине ылайык тергөө судьясынын тергөөчүнүн аракеттерине (аракетсиздигине) карата даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган токтомдору тараптарга жарыялангандан кийин токтоосуз тапшырыларын белгилейт.

Ушундан алганда, ал бул милдет сакталбаган учурда сөз ченемдин өзүнүн конституциялык эместиги жөнүндө эмес, процессуалдык мыйзамдын бузулушу жөнүндө болушу мүмкүн деп эсептейт.

Мындан тышкары, Судьялар кеңешинин өкүлү Укук бузуулар жөнүндө кодексти колдонууда калыптанган укук колдонуу практикасына шилтеме кылат, ага ылайык даттануу мөөнөтү токтомдун көчүрмөсү тапшырылган күндөн же почта аркылуу алынган күндөн тартып эсептелет. Бул моделди практикада колдонуу тараптардын сот актыларын алуудан качуусунун, почта аркылуу жөнөтүүлөрүнүн создуктурулушунун жана токтомдордун мыйзамдуу күчүнө кирүү мөөнөттөрүнүн жасалма узартылышынын көптөгөн учурларына алып келген, бул сот адилеттигинин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, Ч.М. Бердимуратов кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө даттануу мөөнөтүнүн башталышы сот актысынын көчүрмөсүнүн тапшырылышы менен байланыштырылган ушундай окшош моделди колдонуу процессуалдык мөөнөттөрдү создуктуруу жана алардын башталган учуруна байланыштуу талаш-тартыштардын келип чыгуу тобокелдиги менен коштолот, бул сотко чейинки өндүрүш стадиясында соттук контролдун ыкчамдыгын жана натыйжалуулугун камсыз кылууну кыйындатышы мүмкүн деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Д. Джаркынбаев апелляциялык тартипте даттануу укугу сот чечиминин жүйөлөрү менен таанышуу, аларга баа берүү жана жүйөлөнгөн даттанууну түзүү мүмкүнчүлүгүн камтыйт деп эсептейт. Мында даттануунун кыска беш суткалык мөөнөтүнүн шарттарында анын башталышын токтом чыгарылган күндөн тартып эсептөө, эгерде жүйөлөштүрүлгөн сот актысын тапшыруу кечиктирилсе, мөөнөттүн олуттуу бөлүгү адам чечимдин жүйөлөрү менен иш жүзүндө таанышканга чейин эле өтүп кетүүчү жагдайга алып келиши мүмкүн. Мындай учурларда адам апелляциялык тартипте даттануу укугун ишке ашыруу үчүн өткөрүлгөн мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга мажбур болгон жагдайга туш болушу мүмкүн, ал эми даттанууну маңызы боюнча кароо мүмкүнчүлүгү соттун кароосунан көз каранды болуп калат.

Ушуга байланыштуу ал талашылып жаткан ченемдин конституциялык жактан жол берилген мааниси соттор тарабынан апелляциялык даттануунун мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө маселени чечүүдө жүйөлөштүрүлгөн токтомду өз убагында тапшырбоо фактысын объективдүү жагдай катары эске алууну болжой тургандыгын баса белгилейт.

Ошону менен бирге, ал процессуалдык мөөнөттү калыбына келтирүү институту компенсациялык функцияны аткаруу менен укуктук жөнгө салуунун мүмкүн болгон кемчиликтерин жоюунун универсалдуу каражаты катары каралышы мүмкүн эместигин көрсөтөт, анткени конституциялык-укуктук маанисинде ал процессуалдык кепилдиктерди толуктоого, бирок даттануунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн алмаштырбоого тийиш.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын пикирлерин угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык

Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, аталган иш боюнча Конституциялык соттун кароосунун предмети болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин төмөнкүдөй мазмундагы 271-беренесинин 6-бөлүгү саналат:

“271-берене. Сотко чейинки өндүрүштүн кызмат адамдарынын аракеттерине, чечимдерине даттанууларды кароо тартиби

…

6. Даттануу боюнча тергөө судьясынын токтому ал чыгарылган күндөн тартып 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.”.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №129 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынган, “Эркин Тоо” гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы №122-133 санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги мамлекеттик бийликтин өз алдынча бутагы болуу менен Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө бекитилген ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун камсыз кылууга чакырылган. Конституциялык жоболорго ылайык сот адилеттиги сот тарабынан гана жүзөгө ашырылат, бул дал сотко укуктук талаштарды чечүү, бузулган укуктарды жана эркиндиктерди коргоо, ошондой эле коомдук бийликтин ишинин укуктук чектеринин сакталышын текшерүү боюнча милдеттер жүктөлөрүн билдирет.

Сот адилеттиги сот бийлигин жүзөгө ашыруунун формасы катары ишти маңызы боюнча чечүү жана жыйынтыктоочу сот актысын чыгаруу менен гана чектелбейт. Тиешелүү өндүрүштүн мүнөзүнө жана процесстин стадиясына жараша соттук коргоо бузулган укукту калыбына келтирүүгө да, анын бузулушуна жол бербөөгө да багытталган ар кандай процессуалдык

формаларда ишке ашырылат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө мындай коргоо ишти маңызы боюнча соттук териштирүүнү гана эмес, ошондой эле процесстин сотко чейинки стадияларындагы соттук ишти камтыйт, анткени бул стадияларда да жеке адамдын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары козголот. Бул стадияларда сот кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдар менен белгиленген чектерде жана формаларда кылмыштык куугунтуктоо органдарынын чечимдерин, аракеттерин жана аракетсиздигин текшерүүнү жүзөгө ашырат.

Муну менен кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясындагы соттук контроль сот бийлигин ишке ашыруунун процессуалдык формаларынын бири катары чыгат жана кылмыш иши маңызы боюнча кароо үчүн сотко өткөрүлө электе эле адамдын укуктарына кийлигишүү мүмкүн болгон учурларда соттук коргоо укугунун маанилүү кепилдиги катары кызмат кылат.

Ошентип, соттук коргоого болгон укук сот тарабынан жыйынтыктоочу сот актысын чыгаруу менен ишти маңызы боюнча чечүүдө да, ошондой эле соттук көзөмөлдүн алкагында да, мындай чечимге чейин эле жеке адамдын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары козголушу мүмкүн болгон процесстин стадияларында да камсыздалат. Алардын конституциялык маанидеги биримдиги сот бийлигинин бүтүн механизмин түзөт жана конституциялык кепилдиктерге реалдуу натыйжалуулукту берет.

3. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясындагы соттук коргоо механизминин алкагында тергөө судьясынын процессуалдык ролу аныктоочу мааниге ээ. Конституциялык сот мурда, 2022-жылдын 15-июнундагы Чечиминде тергөө судьясы институтунун иштөөсү укук коргоо органдарынын мыйзамсыз аракеттеринен жана өзүм билемдигинен соттук коргонууга болгон ар бир адамдын укугунун маанилүү кепилдигин билдирерин көрсөткөн. Соттук текшерүүнүн зарылдыгы процесстин катышуучуларынын кызыкчылыктарынын айырмачылыгынан улам келип

чыккан укуктук чыр-чатактын болушу менен шартталган.

Ошол эле учурда бул мүмкүнчүлүктү кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучулары тарабынан ишке ашыруу соттук контролго автоматтык түрдө жана түздөн-түз кайрылууну болжолдобойт. Конституциялык сот 2023-жылдын 14-июнундагы Чечиминде жана аны түшүндүрүү жөнүндө 2025-жылдын 14-январындагы Токтомунда белгилегендей, сотко чейинки стадияда тергөө судьясына кайрылуу тиешелүү процессуалдык чечимди милдеттүү түрдө прокурордук текшерүүдөн өткөндөн кийин гана жүзөгө ашырылат. Прокуратура органдары тарабынан ушундай алдын ала баа берилгенде гана талашылып жаткан актылардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүнүн өз алдынча этабы катары соттук контролду андан ары жүзөгө ашыруунун процессуалдык негизи келип чыгат.

Тергөө судьясынын ролун ушундай конституциялык-укуктук түшүнүү кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарда бекемделген жана өнүктүрүлгөн.

Алсак, КЖПКнын 29-беренесинин 8-бөлүгүнө жана 31-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык тергөө судьясы сотко чейинки стадияда соттук контролду жүзөгө ашырып, алдын ала текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин аракеттеринин (аракетсиздигинин) жана чечимдеринин мыйзамдуулугун текшерет. КЖПКнын 32-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мындай текшерүү кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын сотко чейинки өндүрүш органдарынын процессуалдык чечимдерине жана аракеттерине карата даттануулларын кароодо жүргүзүлөт.

Демек, тергөө судьясынын аталган стадияда катышуусу формалдуу же жалаң жол-жоболук мүнөздө боло албайт. Ага жүктөлгөн ыйгарым укуктар сотко чейинки өндүрүш органдарынын талашылып жаткан чечимдерине, аракеттерине же аракетсиздигине предметтүү соттук баа берүүнү, аларды кабыл алуу үчүн мыйзамда каралган негиздер бар-жогун, арызданууччу көрсөткөн жагдайлар тиешелүү түрдө текшерилген-текшерилбегенин, компетенциянын, процессуалдык тартиптин жана катышуучулардын процессуалдык кепилдиктеринин талаптары сакталган-сакталбаганын,

талашылып жаткан актыда жетиштүү жүйөлөр камтылган-камтылбаганын, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдын тыянактары текшерүүнүн материалдарына ылайык келер-келбесин аныктоо милдетин камтыйт. Дал ушундай текшерүү гана тиешелүү процессуалдык актыга негиздүү соттук баа берүүгө, аны кароодо үстүрт, эртелетилген же өзүм билемдикке негизделген мамилени жокко чыгарууга мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда өзүнүн процессуалдык табияты боюнча мындай соттук контроль кылмыш ишин маңызы боюнча кароону алмаштырбайт жана кылмыш-жаза укуктук талашты толук көлөмдө чечүүнү болжолдобойт. Аяктабаган иликтөөнүн жана процессуалдык материалдардын көлөмүнүн чектелген шарттарында иш алып баруу менен, ал кылмыш-жаза процессинин алгачкы этаптарында эле сот өндүрүштүн катышуучуларынын укуктук абалына түздөн-түз таасир эте турган процессуалдык чечимдерге өз убагында соттук чара көрүүгө багытталган.

Соттук контролдун мазмунуна жана чектерине карата жогоруда айтылган талаптар сакталган учурда гана тергөө судьясы тарабынан даттанууну кароо бузулган укуктарды реалдуу коргоону жана калыбына келтирүүнү камсыз кыла алат, болбосо ал сотко чейинки өндүрүш органдарынын позициясын механикалык ырастоого гана айланып калат.

4. Талашылып жаткан ченем даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча тергөө судьясынын токтому ал чыгарылган күндөн тартып беш сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн экенин карайт (КЖПКнын 271-беренесинин 6-бөлүгү). Бул ченемге конституциялык-укуктук баа берүү үчүн мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген даттануу мөөнөтүнүн узактыгы гана эмес, баарынан мурда апелляциялык тартипте даттануу укугунун ченемдик багыты жана аны ишке ашыруунун тандалган модели соттук коргоонун конституциялык кепилдиктерине шайкеш келери маанилүү.

Тергөө судьясынын токтомун апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүн берүү менен мыйзам чыгаруучу мындай сот актысы акыркы

жана талашсыз мүнөзгө ээ эместигин жана жогору турган сот инстанциясы тарабынан текшерүүнүн предмети боло аларын тааныган. Ошондуктан тергөө судьясынын токтому кийинки соттук көзөмөл камсыз кылынуучу сот актыларынын тутумуна кирет, ал эми кайра кароо укугу кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясында жүзөгө ашырылуучу соттук коргоонун уландысы болуп саналат.

Мындан каралып жаткан учурда апелляциялык тартипте даттануунун мөөнөтү процессуалдык жөнгө салуунун автономиялуу жана техникалык элементи болуп саналбай тургандыгы келип чыгат. Ал апелляциялык тартипте кайра кароо укугун ишке ашыруунун ченемдик механизминин курамдык бөлүгү катары чыгат, андыктан ал бул укук кандай максатта берилген болсо, ошол багыт менен ажырагыс байланышта бааланууга тийиш. Апелляциялык даттанууну берүү үчүн убакыт чектерин белгилөө менен мыйзам чыгаруучу кайра карoого жетүүнү формалдуу чектөө максатын эмес, аны жүзөгө ашыруунун процессуалдык иретин көздөйт, мында бир жагынан – сотко чейинки стадиядагы соттук контролдун ыкчамдыгы, экинчи жагынан – апелляциялык инстанциядагы сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнүн реалдуулугу жана натыйжалуулугу камсыз кылынууга тийиш.

Демек, белгиленген мөөнөттүн конституциялык жактан акталган мааниси апелляциялык тартипте кайра кароонун өз убагында жүргүзүлүшүн камсыз кылууда, ошол эле учурда даттануу укугунун өзүнүн маңызын кемитпөөдө турат. Соттук коргоо укугу сотко кайрылуунун процессуалдык мүмкүнчүлүгүн декларативдүү түрдө таанылышын эмес, тиешелүү укук реалдуу, аң-сезимдүү жана натыйжалуу ишке ашырыла ала тургандай мыйзамдык жөнгө салууну болжойт. Ушуга байланыштуу ушул иште апелляциялык тартипте даттануунун беш суткалык мөөнөтүнүн белгилениши фактысынын өзү эмес, ушул мөөнөт колдонуудагы укуктук жөнгө салуунун алкагында өзүнүн чыныгы багытын – ыкчам, бирок ошол эле учурда апелляциялык инстанцияга реалдуу жана натыйжалуу жетүүнү камсыз кылуу милдетин – аткарабы деген маселе конституциялык мааниге ээ болуп

саналат.

Талашылып жаткан ченем өзүнүн түзмө-түз маанисинде апелляциялык даттанууну берүүнү жана аны кароону процесстин катышуучусу тарабынан тергөө судьясынын токтомунун жүйөлүү текстин алуусуна түздөн-түз көз каранды кылбаса да, мындай шарттуулук сот актысынын жүйөлөрүн аң-сезимдүү талашуу мүмкүнчүлүгүн болжолдогон апелляциялык тартипте кайра кароонун укуктук табиятынан келип чыгат. Апелляциялык тартипте даттануу кароонун жыйынтыгына формалдуу макул эместикти билдирүүнү эмес, сот актысынын негизинде жаткан жүйөлөрдү аң-сезимдүү түрдө талашууну билдирет. Муну эске алганда, маңыздуу даттанууну даярдоо мүмкүнчүлүгү объективдүү түрдө адамдын токтомдун жүйөлөштүрүүчү бөлүгү менен таанышуу зарылдыгы менен байланыштуу.

Эгерде адам сот актысындагы жүйөгө ээ болбостон же аны белгиленген мөөнөттүн олуттуу бөлүгү өтүп кеткенден кийин гана алып, даттанууга аргасыз болсо, анда кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүгө багытталган негиздүү укуктук позицияны түзүү мүмкүнчүлүгүнүн өзү алсырайт. Мындай учурда укукту ишке ашыруу үчүн белгиленген мөөнөт өзүнүн багытына каршы иштей баштайт – ал даттануу укугун процессуалдык тартипке салуунун каражаты катары эмес, маңыздуу апелляциялык даттанууну даярдоону жана берүүнү объективдүү кыйындатуучу фактор катары иштей баштайт. Ошентип, бул маселе жалаң гана процессуалдык-техникалык мааниге эмес, конституциялык-укуктук мааниге да ээ болуп калат, анткени ал сот адилеттигине жетүүнү жана соттук коргоонун натыйжалуулугун козгойт.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү укуктук аныктык процессуалдык көрсөтмөлөрдүн механикалык мазмунунун айкындыгын гана эмес, алардын процесстин катышуучулары үчүн практикалык таасиринин алдын ала билине турган мүнөзүн да болжойт. Болбосо мыйзамда каралган апелляциялык тартипте кайра кароо укугу процесстин катышуучусу алдын ала биле албаган жана таасир эте албаган жагдайларга көз каранды болуп

калышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу апелляциялык тартипте даттануунун мөөнөтүн белгилөө менен, мындай мөөнөт кызыкдар адамга даттанууну даярдоонун акылга сыярлык жана объективдүү ишке ашырууга боло турган мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш дегенге негизделет. Эгерде мыйзамдык конструкциянын айынан мөөнөт процесстин катышуучусунда сот актысынын жүйөлөрү менен таанышууга жана жүйөлөнгөн даттанууну даярдоого объективдүү мүмкүнчүлүк жок шарттарда өтсө жана өтө баштаса, анда апелляциялык тартипте кайра кароого жарыяланган укук менен аны ишке ашыруунун реалдуу шарттарынын ортосундагы зарыл шайкештик бузулат.

Демек, КЖПКнын 271-беренесинин 6-бөлүгү тергөө судьясынын токтомун апелляциялык тартипте даттануунун беш суткалык мөөнөтүн белгилегендигинин өзүнөн улам гана Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп каралышы мүмкүн эмес. Бирок анын конституциялык-укуктук мааниси токтом чыгарылган күндөн тартып эсептелген көрсөтүлгөн мөөнөттүн өтүшү процесстин катышуучусун сот актынын жүйөлөрү менен өз убагында таанышуу жана маңыздуу апелляциялык арызды даярдоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырата турган колдонулушту билдирбейт.

5. Келтирилген конституциялык-укуктук баалоодон алганда, талашылып жаткан ченем ал белгилеген апелляциялык тартипте даттануу мөөнөтү соттук коргоону процессуалдык тартипке салуунун каражатынан тергөө судьясынын токтомун натыйжалуу кайра кароо укугун ишке ашырууга тоскоолдукка айланып кетпегендей колдонулууга тийиш. Бул бири-бири менен өз ара байланышкан эки талапты макулдашылган сактоону: өндүрүштүн катышуучусуна сот актысынын толук жүйөлөштүрүлгөн текстин өз убагында берүүнү жана ал өз убагында даярдалбаган же тапшырылбаган учурда өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү маселесин чечүүдө анын кесепеттерин тийиштүү түрдө эске алынышын

болжойт.

Оболу, тергөө судьясы токтом жарыялангандан кийин токтоосуз анын жүйөлөштүрүлгөн текстин даярдоого жана аны өндүрүштүн катышуучуларына өз убагында тапшырууга милдеттүү. Бул милдеттенменин маңызы процессуалдык форманын талаптары менен гана эмес, ошондой эле апелляциялык даттануунун табияты менен да шартталган, ал соттун резолютивдик тыянагын эле эмес, ошондой эле кабыл алынган чечимдин негизине коюлган жүйөлөрдү да талашуу мүмкүнчүлүгүн болжойт. Ошондуктан жүйөлөштүрүлгөн токтомду түзүүнүн же тапшыруунун объективдүү жагдайлар менен шартталбаган кечеңдетүүсү сотко чейинки стадияда соттук контролду талаптагыдай жүзөгө ашыруунун чегинен чыгып, даттануу укугун ишке ашырууга негизсиз тоскоолдуктарды жаратат.

Ушуга байланыштуу сот тарабынан жүйөлөштүрүлгөн токтомду өз убагында тапшырбоо сот өндүрүшүнүн катышуучусу үчүн жагымсыз процессуалдык кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Процесстин катышуучуларынын сот актысынын резолютивдик бөлүгү жарыяланган учурда катышуусу өзүнчө алганда аны толук баалуу даттануунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылбайт. Андыктан адам кыска, жүйөсүз даттанууну өз убагында берип, кийин токтомдун толук текстин алганда толуктап бере алмак деген шилтеме жол берилген бузууну жокко чыгарбайт, тескерисинче, сот актысын өз убагында тапшыруу боюнча соттун өз милдетин талаптагыдай эмес аткарышынын терс кесепеттерин процесстин катышуучусуна жүктөйт. Мындай мамиле даттануу укугуна иллюзиялык мүнөз берет, анткени жогору турган инстанцияга кайрылуу ниети кокусунан эмес, т.а. кабыл алынган чечимдин жүйөлөрүнө аң-сезимдүү баа берүүнүн негизинде калыптанууга тийиш.

Эгерде жүйөлөштүрүлгөн токтом процесстин катышуучусунан көз каранды болбогон себептерден улам кечиктирилип даярдалса жана (же) тапшырылса, апелляциялык инстанциядагы сот бул жагдайды апелляциялык тартипте даттануу укугун өз убагында ишке ашырууга объективдүү

тоскоолдук катары кароого милдеттүү. Мындай учурларда мөөнөттү өткөрүп жиберүү тарапка процессуалдык аракетсиздик катары тагылышы мүмкүн эмес, ал эми аны калыбына келтирүү жөнүндө маселе соттук коргоонун реалдуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуу зарылдыгынан алганда чечилүүгө тийиш. Ушундай кырдаалда мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүнүн презумпциясы арыздануучунун пайдасына иштейт.

Муну менен катар, тергөө судьясы тарабынан жүйөлөштүрүлгөн токтомду токтоосуз даярдоо жана тапшыруу жөнүндө талаптын сакталбашы нейтралдуу процессуалдык жагдай катары каралышы мүмкүн эмес. Эгерде мындай кечеңдөө судьянын өз милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы менен шартталса, ал тартиптик жоопкерчилик жөнүндө маселенин коюлушуна алып келиши мүмкүн, анткени сот актыларын өз убагында түзүү жана сот адилеттигин сапаттуу жүргүзүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүү – бул судьянын талаптагыдай жүрүм-турумунун стандарттарына кирет.

Ошентип, КЖПКнын 271-беренесинин 6-бөлүгү сот тарабынан жол берилген, жүйөлөштүрүлгөн токтомду кечиктирип даярдоо же тапшыруу процесстин катышуучусуна анын даттануу укугун ишке ашырууда жагымсыз кесепеттердин тобокелдигин жүктөй турган чечмеленишинде колдонулушу мүмкүн эмес. Андай болбосо бул процессуалдык мөөнөттү соттук коргоону тартипке салуунун каражатынан сот адилеттигине жетүүгө тоскоолдукка, ал эми процессуалдык форманы – соттун өзү жол берген бузууну актоонун каражатына айландырмак, бул соттук коргоонун, укуктук аныктыктын жана бузулган укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүүнүн конституциялык кепилдиктерине дал келбейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 271-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

3. Тергөө судьясынын токтомуна даттанууда өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү маселесин чечүүдө, соттор, эгерде мөөнөттүн өткөрүлүп жиберилиши тараптардан көз каранды болбогон жагдайлардан улам жүйөлүү токтомдун өз убагында берилбегендиги менен шартталгандыгы аныкталса, анда мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн себеби жүйөлүү деген презумпцияга негизделиши керек.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

5. Бул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысына” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**